**Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын төрайымы Шайлдабекова Нуржан Кармабековнага**
*дареги: Бишкек шаары Пушкина көчөсү №50*

Даттануу берүүчү: Барпы айылдык кеңешке талапкер, **Жамгырчиев Машрап Абдирайимович** *жашаган дареги: КР, Сузак району Барпы айыл өкмөтү Төбөй айылы М. Жамгырчиев көчөсү үй* [redacted] *тел:* [redacted]

# ДАТТАНУУ

(Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын №19 сандуу 22.11.2024 жылдагы чечимин жокко чыгаруу жөнүндө жана Сузак районунун Барпы айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча №2120 Б. Алыкулов шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү 17.11.2024 жылдагы протоколун жана добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү 17.11.2024 жылдагы УШКнын чечимин жараксыз деп табуу жөнүндө)

Сузак аймактык шайлоо комиссиясына шайлоо жөнүндөгү мыйзам талаптары одоно түрдө бузулгандыгы тууралуу УШКнын чечимине карата даттануу менен кайрылганмын. Ал даттанууну бир тараптуу карап чыгып жыйынтыгында иштин чыныгы жагдайына дал келбеген негизде №2120 сандуу УШКсындагы шайлоо жыйынтыктарын жокко чыгарууга негизсиз деп табылгандыгы жөнүндө №19 сандуу чечимин 22.11.2024 жылы чыгарган. Аталган чечими толугу менен мыйзамсыз жана негизсиз болгондуктан жокко чыгарылууга жатат.

Менин даттануу менен кайрылуумдун себеби шайлоо жөнүндө мыйзам талаптары одоно түрдөө бузуулуу менен шайлоочулардын шайлоого, шайлоочулардын эркин ниет менен добуш берүү укугу бузулгандыкгы негиз болгон.

Анткени Сузак районунун Барпы айыл аймагынын Б. Алыкулов атындагы №2120 участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоо мыйзам талаптарын бузуу менен жүргүзүлгөн. Атап айтканда Барпы айылдык кеңешине талапкер Апсаламов Аскат Апсаламовичтин **Атасы** анын кызыкчылыгын көздөп өзү Барпы айыл өкмөтүндө вет., адис кызматын ээлеген муниципалдык кызматкер Каржоодиев Апсалам Кимсанович №3 шайлоо округунун Барпы Алыкулов мектебинде №2120 шайлоо участкасында №6 сандуу номери менен байкоочу күбөлүгүнүн негизинде 2024 жылы 17 ноябрь

шайлоо күнү, байкоочунун мыйзамда көрсөтүлгөн укуктарын мыйзамга карама каршы келсе дагы пайдаланган, башкача айтканда административдик ресурс катары пайдаланган. Аталган мыйзам бузуучулуктун негизинде шайлоо жүргүзүлгөндүктөн, байкоочу болуп муниципалдык кызматкер отургандыктан добуш берүүгө келген шайлоочулардын эрк-ниети өзгөрүп анын тууганына (баласына) аргасыздан добуш берүү орун алгандыктан шайлоонун жыйынтыгы жараксыз деп табылууга жатат.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 7 беренесинин талабына ылайык, **Талапкер**, талапкерлерди көрсөткөн саясий партия, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия мыйзамдар менен белгиленген тартипте **шайлоону даярдоого, добуш берүүнү жүргүзүүгө, добуштарды эсептөөгө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөгө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого катышуучу байкоочу дайындоого укуктуу**. Байкоочу аны дайындаган уюмдан жолдомо тиешелүү шайлоо комиссиясына келип түшкөндөн кийин ушул Мыйзам менен каралган байкоочунун укуктарына жана милдеттерине ээ болот. Жолдомодо байкоочунун фамилиясы, аты-жөнү, жашаган жери, ал жөнөтүлгөн шайлоо участкаларынын номерлери, шайлоо комиссияларынын аталыштары көрсөтүлөт, ошондой эле ушул берененин **3-бөлүгү менен каралган чектөөлөр анда жок экендиги жөнүндө жазуу жүргүзүлөт**. Жолдомо талапкердин колу же саясий партиянын мөөрү болгондо жана паспортун же аны алмаштырган документти көрсөткөндө анык деп эсептелет. Байкоочуну жиберүү жөнүндө алдын ала кабарлоо талап кылынбайт. Активдүү шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын жараны байкоочу болууга укуктуу. Жогорку Кеңештин депутаты, жергиликтүү кеңештин депутаты, Жогорку Кеңештин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссиясынын мүчөсү, катталган талапкердин, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиянын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын ишенимдүү адамдары, шайлоо комиссияларындагы алардын өкүлдөрү, судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, аскер кызматындагылар байкоочу болууга укуксуз. **Байкоочу төмөндөгүлөргө укуктуу, кайсы гана деңгээлдеги болбосун шайлоо комиссиясынын курамын түзүү үчүн байкоону жүзөгө ашырууга, шайлоочулардын тизмелерин түзүү үчүн байкоону жүзөгө ашырууга, шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшү үчүн**

**байкоону жүзөгө ашырууга, шайлоону маалыматтык камсыз кылуу үчүн байкоону жүзөгө ашырууга, шайлоо комиссиясында болгон шайлоочулардын тизмелери, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга, добуш берүү күнү сутканын ар кандай убагында добуш берүү үчүн жайда болууга, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде шайлоочулар добуш бергенде катышууга, шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өзүнүн пикирин баяндоого, билдирүү жасоого, ары-бери эркин жүрүүгө жана кайсы гана шайлоо участкалары жана шайлоо комиссиялары болбосун катышууга, добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузбастан добуш берүүнү уюштуруунун жана добуш берүүнүн ушул Мыйзам менен белгиленген тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендерин берүүгө; шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөнү байкоого; шайлоо бюллетендеринин мазмунун көрүүнү камсыз кылган аралыкта жана шарттарда шайлоочулардын добуштарын эсептөөнү байкоого; шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө ар кандай толтурулган же толтурулбаган шайлоо бюллетени менен таанышууга; шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун жана башка шайлоо документтердин түзүшүн байкоого, өзү жөнөтүлгөн участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына, а ал жок учурда - аны алмаштырган адамга добуш берүүнү уюштуруу маселелери боюнча сын-пикирлер жана сунуштар менен кайрылууга, өзү жөнөтүлгөн шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга, протоколдордун жана ага тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн шайлоо комиссиясынан алууга, өзү жөнөтүлгөн шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракетине (аракетсиздигине) ушул Мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга, тиешелүү шайлоо комиссияларында шайлоочулардын добуштарын кайтадан саноого катышууга, шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү аны шайлоо комиссиясына жөнөткөн уюмдун аталышы бар төш белгисин тагынып жүрүүгө,обуш берүүнүн жүрүшүнө, добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарууга жолтоо болбостон, шайлоочулардын добуш берүүсүнүн купуялуулугун бузбастай, шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган жерден фото-, көрмө тартууну, үн жазууну жеке жүргүзүүгө**. Байкоочу төмөнкүлөргө укуксуз, шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө, шайлоо бюллетендерин алууда шайлоочунун

өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга, шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга, добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга, шайлоо комиссиясынын ишине жолтоо болгон аракеттерди жасоого, шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө, тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан чечимдерди кабыл алууга катышууга. Байкоочулардын иши шайлоо мыйзамдары менен жөнгө салынат деп көрсөтүлгөн.

Аталган беренеде көрсөтүлгөн байкоочунун укуктары менен пайдаланып шайлоочунун эрк-ниетин билдирүүгө өзүнүн ээлеген муниципалдык кызматкерлиги менен таасирин тийгизип шайлоонун жүрүшү шайлоочунун эрк-ниетин билдирүүгө таасирин тийгизген. Мындай жагдайда шайлоочулардын эрк-ниетине ээлеген муниципалдык кызматы вед., адис болгондугу шайлоочулардын пикирин билдирип шайлоого келгендерге таасирин тийгизген. Шайлоочулар байкоочу катары алар жашаган жергиликтүү жаамата ветеринария боюнча адиске кайрылууга муктаж болуусу, алардын малдарын дарылоого муктаждыгы болгондуктан байкоочу болуп отурган муниципалдык кызматкердин шайлоого койгон тууганына жан тартып жүргөндүгү ачык айкын көрүнүп турат. Мындай учурда шайлоо таза жана мыйзам талаптарын сактоо менен жүргүзүлгөн деп эсептөөгө мыйзам жол бербегендиктен шайлоонуну жыйнтыгын жараксыз деп табууга жатат.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү мыйзамынын 15 беренесинин 1 бөлүмүнүн 10 жана 13 пункттарынын талабына ылайык, **Кызматчыга төмөнкүлөргө тыюу салынат, кызматчынын өзүнүн жана анын жакын туугандарынын түздөн-түз жеке кызыкчылыгын козгогон маселелерди чечүү үчүн өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга, референдумдун жана шайлоо өнөктүктөрүнүн мезгилинде кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын жана административдик ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга** деп көрсөтүлгөн.

Аталган беренеде көрсөтүлгөн чектөөлөргө жана тыюларга карабастан Барпы айыл өкмөтүнүн ветеринария боюнча адиси муниципалдык кызматкери Каржоодиев Апсалам Кимсанович өзүнүн тууганы Барпы айылдык кеңешине талапкер Апсаламов Аскат Апсаламовичтин кызыкчылыгында №2120 шайлоо участкасында байкоочунун бардык укугун мыйзамга карама каршы пайдаланып шайлоочулардын эрк-ниетине таасирин тийгизип, шайлоочулардын добуш берүүсүн өзү жактаган талапкерге берүүсүн карап

байкап отурган. Демек шайлоочулардын эрк-ниети бузулгандыктан шайлоонун жыйынтыгын жараксыз деп табууга жатат.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 17/1 беренесинин талабына ылайык, Административлык ресурсту кыянаттык менен пайдалануу - талапкерлер, кызмат адамдары, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын мүчөлөрү жана уюштуруучулары тарабынан мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын же мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуунун үлүшү 30 пайыздан ашкан ишканалардын жумушчуларынын үстүнөн, тигил же бул талапкерди, саясий партияны колдоонун саясий же башка формаларына айланып кетүүчү, бардык талапкерлердин теңдигин бузуучу финансыларды жана аларды бөлүштүрүүнүн үстүнөн контролдоонун натыйжасында алынган адамдык, финансылык, материалдык, медиалык, институционалдык ресурстардын шайлоодо мыйзамсыз колдонулушу. Административлык ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет, баш ийүүдөгү же башка кызматтык көз карандылыкта болгон адамдарды, башка мамлекеттик же муниципалдык кызматчыларды, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмдарынын жана саламаттык сактоо мекемелеринин кызматчыларын, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлерин талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болуучу ишти жүзөгө ашыруу үчүн тартуу, көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик органдар же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ээлеген жайларды пайдалануу, эгерде башка талапкерлер бул жайларды ошол эле шарттарда пайдалана албаган учурда, көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик мекемелердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштөөсүн камсыз кылган телефондук, факсимилдик жана байланыштын, маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн башка түрлөрүн, уюштуруу техникасын пайдалануу, көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган транспорт каражаттарын акысыз же жеңилдетилген шарттарда пайдалануу, кызматтык иш сапарлардын жүрүшүндө мамлекеттик жарандык кызматчылар же муниципалдык кызматчылар, республикалык жана (же) жергиликтүү бюджеттен каржылануучу мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлери, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлери тарабынан шайлоо алдында үгүт жүргүзүү, шайлоо алдында үгүт жүргүзүү

максатында (башка талапкерлерге салыштырмалуу алганда) жалпыга маалымдоо каражаттарын артыкчылыктуу колдонуу, мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюштуруучу массалык (элдик) иш-чараларды өткөрүүдө үгүттөө менен чыгып сүйлөө, шайлоо өнөктүгү мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарында, басылма үгүт материалдарында жасалган иштер жөнүндө отчетторду жарыялоо, талапкердин атынан тийиштүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнбөгөн куттуктоолорду жана башка материалдарды таркатуу. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын, ошондой эле мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуу үлүшү 30 пайыздан ашкан ишканалардын жана алардын бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин кызмат орундарын ээлеген талапкерлер кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыгын же администрациялык ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга укуксуз. Талапкер болуп эсептелбеген жана мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын, ошондой эле мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуунун үлүшү 30 пайыздан ашкан юридикалык жактардын жана алардын бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин кызмат орундарын ээлеген адамдар талапкерди көрсөтүү же шайлоо максатында кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыгын же административдик ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга укуксуз. Ушул берененин 2-бөлүгүндө саналып өткөн чектөөлөрдү сактоо кызмат адамдарынын өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткарышына тоскоол болбошу керек. Жетекчилер, башкармалыктардын мүчөлөрү жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын уюштуруучулары, журналисттер, жалпыга маалымдоо каражаттарын басып чыгарууну ишке ашырган уюмдардын башка чыгармачыл адамдары, эгерде көрсөтүлгөн адамдар талапкердин, саясий партиянын ишенимдүү адамдары же ыйгарым укуктуу өкүлдөрү болсо шайлоо өнөктүгүн жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу чагылдырууга катышууга тыюу салынат. Ушул берененин талаптарын бузган адамдар мыйзамдарда каралган жазыктык же башка жоопкерчиликти тартат *деп көрсөтүлгөн.*

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 35 беренесинин 2 пунктусунун талабына ылайык, Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол так отчеттуулуктагы документ болуп саналат, анын корголуу формасы жана даражасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат *деп көрсөтүлгөн.*

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 38 беренесинин 4, 5, 5/1 жана 6 пункттарынын талабына ылайык, Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктарын төмөнкү учурларда жараксыз деп табат, эгерде башка талапкерге караганда добуштардын көпчүлүк санын алган талапкер үчүн шайлоочулардын берген добуштарынын саны бардык талапкерлерге каршы берилген шайлоочулардын добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда шайлоо кайталап жүргүзүлөт, эгерде башка талапкерлердин тизмесине караганда добуштардын көпчүлүк санын алган талапкерлердин тизмесине берген шайлоочулардын добуштарынын саны талапкерлердин бардык тизмесине каршы шайлоочулардын берген добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда шайлоо кайталап жүргүзүлөт. Аймактык шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктарын шайлоо участкасында төмөндөгүлөр боюнча жараксыз деп табат, эгерде добуш берүүнү жүргүзүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу убагында шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербесе, эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө убагында эреже бузуулар шайлоочулардын эрк-ниетин билдирүүсүнө таасир этсе, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча. Шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган учурда добуш шайлоонун натыйжалары калган шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталат. Шайлоо участогунда шайлоонун натыйжаларына таасирин тийгизген добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган учурда тиешелүү шайлоо комиссиясы кайра добуш берүү дайындаган күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө ошол шайлоо участогунда кайра добуш берүү жүргүзүлөт. Эгерде шайлоону даярдоо, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө убагында талапкер, саясий партия тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарын так аныктоого мүмкүндүк бербеген же шайлоочулардын эрк-ниетин билдирүүсүнө таасир эткен бузуулар орун алса, аймактык шайлоо комиссиясы талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын жараксыз деп таанууга укуктуу. Мында талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары бузуунун оордук даражасына, бузуу жасалган аймакка жараша участоктун/участоктордун чегинде же жалпы эле округ боюнча жокко чыгарылышы мүмкүн. Шайлоо мыйзамдарынын бузулушун аныктоонун натыйжасында добуш берүү күнүнөн кийин талапкер, саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз

деп табылган учурда, талапкерге, саясий партияга берилген шайлоочулардын добуштары шайлоо бюллетендерин жараксыздарга кошуу менен жараксыз деп табылат. Мындай талапкер, саясий партия кийинки шайлоого киргизилбейт. Мында талапкер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн. Депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүнү эсептөөнүн максаттары үчүн алар боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган талапкерге, саясий партиянын талапкерлеринин тизмесине берилген шайлоочулардын добуштары добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын катарында эске алынбайт. Шайлоо участкасында добуш берүүнүн, добуштарды эсептөөнүн, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду түзүүнүн тартибин бузуу менен байланышкан, ар бир талапкер, талапкерлердин тизмеси алган добуштардын санын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербеген жоболорду бузуулар шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү белгилөөгө мүмкүндүк бербеген эреже бузуулар деп түшүнүлөт. Шайлоо участкасында добуш берүүнүн, добуштарды эсептөөнүн же добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн жүрүшүндө шайлоочулар өз эрк-ниетин билдиришине таасир эткен, добуш берүү күнү үгүт жүргүзүү, жарандар шайлоо укуктарын жүзөгө ашырышына тоскоолдук кылуу, добуш берүүдө байкоо жүргүзүүгө тоскоолдук кылуу, башка шайлоочулар үчүн добуш берүү, шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүү, шайлоочуларды сатып алуу менен байланышкан жоболорду бузуулар шайлоочулардын эрк-ниетине таасир эткен эреже бузуулар деп түшүнүлөт деп көрсөтүлгөн.

Демек шайлоо жүрүшүндө шайлоочулардын эрк-ниетин билдирүүгө таасирин тийгизгендиктен жана шайлоочулардын добуш берүүсү алардын эрк-ниети менен жүрбөгөндүктөн анткени муниципалдык кызматкер байкоочу болуп байкоочунун укуктарынан пайдаланып шайлоочулардын добуш берүү эрк-ниетине таасирин тийгизгендиктен №2120 шайлоо участкасында мыйзам бузуу менен болуп өткөн шайлоонунун жыйнтыгын жараксыз деп табуга жатат.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 42 беренесинин 1, 2, 4 жана 5 пунктарынын талабына ылайык, Шайлоо процессинин субъекттеринин шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссияларынын алардын кызмат адамдарынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиктери) жогору турган шайлоо комиссиясына, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) сотко даттанылышы мүмкүн. Жарандардын шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана (же)

аракеттерине (аракетсиздигине) арыздар (даттануулар) менен шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, шайлоочулардын топтору, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар кайрылышы мүмкүн. Арыздарды (даттанууларды), ошондой эле шайлоо укуктарын, шайлоо жөнүндө мыйзамдарды бузуулар жөнүндө маселени кароодо кызыкчылыктары бар тараптарга, жактарга же өкүлдөргө кароонун күнү, убактысы жана орду жөнүндө кабарланат. Көрсөтүлгөн жактар каралып жаткан маселенин маңызы боюнча түшүндүрмөлөрдү берүүгө жана далилдерди келтирүүгө укуктуу. Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) аймактык шайлоо комиссиясына даттанылат деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 43 беренесинин 1 жана 2 пункттарынын талабына ылайык, Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө жөнүндө шайлоо комиссияларынын чечимдерине арыздар (даттануулар) менен талапкерлер, талапкерлерди көрсөткөн саясий партия, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар кайрыла алат. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларынын чечимдери аймактык шайлоо комиссияларына: аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери - Борбордук шайлоо комиссиясына: Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери - биринчи инстанциядагы сотко: биринчи инстанциядагы соттун чечими - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанылат деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 44 беренесинин 2 бөлүгүнүн 5 пунктусунун талабына ылайык, Талапкерди каттоо төмөнкүдөй учурларда жокко чыгарылат, талапкердин, талапкердин өкүлдөрү тарабынан талапкерди шайлоо максатында кызматынын же кызмат абалынын артыкчылыктарын пайдалануу же талапкерди шайлоо максатында кызматынын же кызмат абалынын артыкчылыктарын анын өкүлдөрү пайдаланууга талапкердин тизмеси бар экендигинин фактылары ырасталганда деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Об основах административной деятельности и административных процедурах 61 беренесинин талабына ылайык, Арызденуучу жана кызыкдар жак өз укуктарын коргоо максатында

административдик актыга, администрациялык органдын аракетине же аракетсиздигине даттанууга укуктуу деп көрсөтүлгөн.

Даттанууну экинчи даракке жөнөтүүнүн себеби маалымат иретинде жана мыйзамда каралган тартипте жана учурларда, мыйзам чегинде №2120 сандуу УШКнын жооптуу кызмат адамдары тарабынан мыйзам бузуучулука жол бергендиктен чара көрүү үчүн.

Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын №19 сандуу 22.11.2024 жылы чыгарылган чечиминде А. Каржоодиев, №2120 шайлоо участкасында байкоочу болуп отурбагандыгы иштин чыныгы жагдайына дал келбейт, анткнеи №2120 шайлоо участогунда атап айтканда Б. Алыкулов атындагы орто мектебинде видео байкоо жүргүзүлгөн, аталган видео байкоо жүргүзүү камераларында А. Каржоодиев дабуш берүүчү урнанын жанында байкоочу боолуп байкоочунун күбөлүгүн тагынып алып отургандыгы видеодон ачык корүүгө болот. Андыктан Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын чечими иштин чыныгы жагдайына дал келбейт. Андан тышкары А. Каржоодиев Барпы айыл өкмөтүндө ветеринария боюнча адис катары Барпы айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен дайындалып Барпы айыл өкмөтүнүн муниципалдык бюджетинен айлык акысын алып Барпы айлы өкмөтүндө иштегендиги талашсыз жагдай болгондуктан муниципалдык кызмат (административдик ресурс) иштегендиктен шайлоо жөнүндөгү мыйзам талаптары толуу менен бузулгандыгы ачык көрүнүп турат. Ал эми Сузак РИИБнүн 22.11.2024 жылдагы кылмыш иши козгоодон баш тартуу жөнүндөгү токтому мыйзамсыз жана негизсиз болгондуктан Сузак райондук прокуратурасына даттануу берип бузулууга жатат. Анткени Сузак РИИБнүн ТКнын тергөөчүсү ишти ар тараптуу жана объективдүү жүргүзүлбөгөн. Арыз берүүчү менен беттештирүүлөр жургүзүлбөгөн иш боюнча күбөлөр суралбагандыктан мыйзамдуу 22.11.2024 жылы токтомун чыгарды деп ишениүүгө болбойт жана ал тергөөчүнүн токтому бузулуп кетсе анда Сузак АШКнын чечими толугу менен негизсиз жана мыйзамсыз чыгарылгандыгы ачык көрүнүп турат. Дагы башка далилдерди кошумча камсыздап беребиз.

Жогорудагылардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талабына ылайык;

**С У Р А Н А М Ы Н:**

1. Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын №19 сандуу 22.11.2024 жылдагы чечимин жокко чыгарып берүүңүздү.

2. Сузак районунун Барпы айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча №2120 Б. Алыкулов шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү 17.11.2024 жылдагы протоколун жараксыз деп таап берүүңүздү.
3. Сузак районунун Барпы айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча №2120 Б. Алыкулов шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү 17.11.2024 жылдагы УШКнын чечимин жараксыз деп таап берүүңүздү.
4. Сузак районунун Барпы айылдык кеңшинин депутаттарына талапкер Апсаламов Аскат Апсаламовичти Барпы айылдык кеңшинин депутаттарынын талпкерлеринин тизмесинен каттоосун жокко чыгарып берүүңүздү.

**Тиркеме:**

1. 17.11.2024 жылдагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколунун көчүрмөсү.
2. Байкоочулардын тизмесинин көчүрмөсү.
3. А. Каржоодиевтин №2120 шайлоо участогунда байкоочу болуп отургандыгын далилдеген фото-сүрөттөрү.
4. Сузак АШКнын №19 22.11.2024 жылдагы чечиминин көчурмөсү.

**Даттануу ээси,**

**Барпы айылдык кеңешке талапкер _______________Жамгырчиев М. А.**

27.11.2024 жыл

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**СУЗАК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

721300, Сузак а. Дакан-Палван көч 8
тел: 03748 5-02-10
www.shailoo.gov.kg
e-mail: adm09-1@shailoo.gov.kg

721300, с. Сузак ул. Дакан-Палван 8
тел: 03748 5-02-10
www.shailoo.gov.kg
e-mail: adm09-1@shailoo.gov.kg

**Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын**
**№ 19 ЧЕЧИМИ**

**Сузак айылы** **22.11.2024**

Барпы айылдык кеңешинин талапкери М.Жамгырчиевдин арызы жөнүндө

Арызда, №2120 УШКсында байкоочу болуп көрсөтүлгөн А.Каржоодиев 2024-жылдын 17-ноябрында шайлоо участкасына шайлоочу катары баргандыгын, өзүн шайлоочулар тизмесинен текшерүү максатында гана күтүп отурганын, ал жерде байкоочулук иш-аракеттерди жүргүзбөгөндүгү тууралуу көрсөтмөсүнүн негизинде Сузак РИИБнын 22.11.2024-жыл №24-4/3357 сандуу кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө аныктамасынын эсепке алып, Сузак аймактык шайлоо комиссиясы


ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. № 2120 УШКсындагы шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгаруу негизсиз деп табылсын
2. Сузак АШКсынын чечими маалымат үчүн КР БШК ЫЧКТга жөнөтүлсүн


Сузак АШКсынын төрагасы: Г.Сапарова

Сузак АШКсынын катчысы: Т.Умарбекова

| № | Ф.А.А | Күбөлүк номери | Жашаган жери, телефону | Ким тарабынан жөнөтүлгөн | Шайлоо участ. | Кол тамга |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Сулайманов Бакытбек Дуйшобаевич | № 1 | Кпчак | Калешова Ш | № 2120 | |
| 2. | Калмурзаев Темирбек Дуйшобаевич | № 2 | Тобой 0556010172 | Жамгырчиев М | № 2120 | |
| 3 | Камчыбеков Замир Абобакирович | № 3 | Чоктор | Камчыбеков А | № 2120 | |
| 4 | Маматова Жамила Эргешовна | № 4 | Турк Абад | Юлдашова М | № 2120 | |
| 5. | Эшенкулова Гулмайрам Досматовна | № 5 | Чоктор | Гаипбердиев Р | № 2120 | |
| 6 | Каросодиев Амаан Кимсанович | № 6 | Жар-Кыштак | Абсаламов А | № 2120 | |
| 7 | Кимсанов Нурлан Эргешович | № 7 | Тобой | Маматов Ж | № 2120 | |
| 8 | Шарафалов Бактыбек Калолович | № 8 | Беш Майнок | Исраилова Б | № 2120 | |
| 9 | Мазанов Палуз Нурназаревич | № 9 | | рай-н админ | № 2120 | |



Апсоламов Асхат Апсоламовичтин байкоосуу.
Эмне үчүн бул жерде отурат?
Атасы.



№____ нуска

**2024-жылдын 17-ноябры**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

Жалал-Абад облусу Сузак району

Барпы АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО БОЮНЧА

ШАЙЛОО ОКРУГУНУН №2120 Б. Акназаров

**ШАЙЛОО УЧАСТКАСЫНДА ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ**

# П Р О Т О К О Л

№2120 шайлоо участкасынын шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилди

| 1. | Талапкерлердин фамилиясы, аты, атасынын аты | | | | | Талапкер үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын саны (сандар жана жазуу менен) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Исаламов Аскат Ансаламович | | | 9 | 9 | токсон тогуз |
| 2. | Гаипбердиев Досмонбек Досумканович | | | 9 | 2 | токсон эки |
| 3. | Жамгырчиев Мамирап Абдирайимович | | 2 | 4 | 7 | эки жүз кырк жети |
| 4. | Исраилова Бактыкан Эргашевна | | | 4 | 2 | кырк эки |
| 5. | Калемова Шайыргүл Адамбаевна | | 2 | 7 | 6 | эки жүз жетимиш алты |
| 6. | Камчыбеков Эйтали Набакирович | | 5 | 5 | 7 | беш жүз элүү жети |
| 7. | Кочкорбаев Мадылбек Даткаевич | | | | 8 | сегиз |
| 8. | Малитов Салмоорбек Шарабудинович | | 1 | 2 | 6 | бир жүз жыйырма алты |
| 9. | Раимов Равил Орунбаевич | | 1 | 2 | 2 | бир жүз жыйырма эки |
| 10. | Эйдаев Абдикарим Мажимидинович | | | 5 | 7 | элүү жети |
| 11. | Султанова Айгүл Кадырбековна | | 3 | 0 | 5 | үч жүз беш |
| 12. | Юлдашева Мухаббат Нематжоновна | | 2 | 2 | 9 | эки жүз жыйырма тогуз |
| 13. | | | | | | |
| 14. | | | | | | |
| 15. | | | | | | |
| 16. | | | | | | |
| 17. | | | | | | |
| 18. | | | | | | |
| 19. | | | | | | |
| 20. | | | | | | |
| 21. | **«БААРЫНА КАРШЫ»** [illegible] | | | | 0 | нөл |
| 2. | Кучүн жоготту (КР ШШКнын токтому, 01.10.2024-ж. № 156) | | | | | |
| 3. | Шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | 1 | 9 | 4 | 8 | бир миң тогуз жүз кырк сегиз |
| 4. | Кучүн жоготту (КР ШШКнын токтому, 01.10.2024-ж. № 156) | | | | | |
| 5. | Шайлоо бюллетендерине алган шайлоочулардын жалпы саны (5=5а+5б+5в) | | 8 | 0 | 0 | сегиз жүз |
| 5а. | Добуш берүүгө шайлоо имаратында шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны | | 8 | 0 | 0 | сегиз жүз |
| 5б. | Добуш берүүгө шайлоо имаратынан тышкары [illegible] шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (**[illegible]**) | | | | | |
| 5в. | Добуш берүүгө шайлоо [illegible] шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (**[illegible]**) | | | | | |
| 6. | Жараксыз [illegible] шайлоо бюллетендеринин саны | | | | | |
| 7. | Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | | 7 | 8 | 9 | жети жүз сексен тогуз |
| 8. | Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны (**[illegible]**) | | | 1 | 1 | он бир |

**Эскертүү:** [illegible]

**Тиркемелер:** 1. [illegible] ______ барак.
2. [illegible] ______ барак
3. [illegible] ______ барак
4. УШК мүчөлөрүнүн [illegible] ______ барак
5. Тиркемелер ______ барак

______ барак

№______ шайлоо участкасы

Протокол 20___-жылдын «______» __________ саат ___ мүнөттө түзүлдү.

Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн кол тамгалары

М.О.

| | | |
|---|---|---|
| 1. Төрага | (кол тамга) | Маткалыков Ойнат Асылмович |
| 2. Катчы | (кол тамга) | Акимкулова Айпери Бахтиевна |
| 3. Мүчөлөр | (кол тамга) | Шамшиева Дилорамхан Анваровна |
| 4. | (кол тамга) | Турдубаев Кочкор Маймонович |
| 5. | (кол тамга) | Эштарбеков Икрамим Саламбаевич |
| 6. | (кол тамга) | Камчыбекова Назира Журуновна |
| 7. | (кол тамга) | Бейбаева Элмира Мадамбековна |
| 8. | (кол тамга) | Маматурова Айжан Абдисаматовна |
| 9. | (кол тамга) | Бегимкулова Турдыгул Орунбаевна |
| 10. | (кол тамга) | Темирова Лира Жумабаевна |
| 11. | (кол тамга) | Юлдашев Эркин Зайнабидинович |
| 12. | (кол тамга) | (Ф.А.А.) |

[illegible]

| Шайлоо участ. | кол тамга |
|---|---|
| №2120 | |
| 2120 | |
| 2120 | |
| 2120 | |
| 2120 | |
| 2120 | |
| 2120 | |
| 2120 | |
| 2120 | |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕ ШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО 17.11.2024

## ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ОТЧЕТ

| | |
|---|---|
| АШК | Сузак |
| УШК No | 2120 |

| | |
|---|---|
| Шайлоочулардын саны | :1948 |
| Алынган бюллетендин саны | :1948 |
| Добуш бергендердин саны | : 800 |
| Жарактуу бюллетендин саны | : 789 |
| Жараксыз бюллетендин саны | : 11 |

ТАЛАПКЕР

| | |
|---|---|
| 1. АПСАЛАМОВ АСКАТ АПСАЛАМОВИЧ | : 99 |
| 2. ГАИПБЕРДИЕВ ДООРОНБЕК ДОСУМХАНО… | : 92 |
| 3. ЖАМГЫРЧИЕВ МАШРАП АБДИРАЙИМОВИЧ | :247 |
| 4. ИСРАИЛОВА БАКТЫКАН ЭРГАШЕВНА | : 42 |
| 5. КАЛЕШОВА ШАЙЫРГУЛ АДАНБАЙЕВНА | :276 |
| 6. КАМЧЫБЕКОВ АЙТАЛИ АБАБАКИРОВИЧ | :557 |
| 7. КОЧКОРБАЕВ МАДАНБЕК ДАТКАЕВИЧ | : 8 |
| 8. МАМЫТОВ САЛМООРБЕК ШАРАБИДИНОВИЧ | :126 |
| 9. РАИМОВ РАСУЛ ОРУНБАЕВИЧ | :122 |
| 10. СЕЙДАЕВ АБДИКАРИМ МАЖИМИДИНОВИЧ | : 57 |
| 11. СУЛТАНОВА АЙГҮЛ КАДЫРБЕКОВНА | :305 |
| 12. ЮЛДАШЕВА МУХАББАТ НЕМАТЖОНОВНА | :229 |
| 13. БААРЫНА КАРШЫ | : 0 |

М.О.

Участкалык шайлоо
комиссиясынын төрагасынын колу